# Башталгыч класстар

Башталгыч мектепте окуучунун жаш өзгөчөлүгүнө, таанып билүү жөндөмүнө ылайык интеграцияланган предметтер окутулат. Алар: кыргыз тили, математика, мекен таануу, көркөм өнөр, музыка, чет тили, дене тарбиясы.
Башталгыч мектеп сабаттуулукка үйрөтөт, математикалык ой жүгүртүүнүн негизин калыптандырат.
- коомду жана айлана чөйрөнү илимий негизде таанытат;
- өз ден соолугуна кам көрүүгө, кырсыктан сактана билүүгө, коомдо өзүн туура алып жүрүүгө карата билим -тарбия берет.

Окуучуну турмушка даярдоо багытында төмөндөгү жагдайларды белгилемекчибиз:
- инсандын өнүгүшү үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүү;
- адамдын рухий дүйнөсүн калыптандырууну камсыз кылган маданиятка багытталган билим берүү;
- илимий билимдердин системасын окутуу менен аларды ар кандай практикалык иш- аракеттерди, турмушта колдоно билүүгө үйрөтүү.

Тез өзгөрүп жаткан мезгилдин шартына жараша Республикабыздын башталгыч мектептеринде бүгүнкү күндө орчундуу көйгөйлөр арбын. Буга ылайык, усулдук кеңешмеде башталгыч класстын мугалимдерине төмөндөгү маселелерди талкуулоону сунуш кылабыз:
- окуу ишмердүүлүгүн өнүктүрүү;
- окутуунун интерактивдүү ыкмаларын сабакта туура колдонуу;
- окуучунун жеке өзгөчөлүгүнө ылайыктап, дифференцияланган билим жана тарбия берүү;
- инсанга багыттап окутуу;
- баа коюу көйгөйү;
- окуучунун ден соолугун сактоо жана окуу жүктөмү ж.б.у.с.

Усулдук кеңешмесинде педагогдор өз тажрыйбаларын ортого салып, ой бөлүшө турган олуттуу көйгөйлөрдүн бири - балада окуу билгичтигин (умение учиться) калыптандыруу болуп эсептелет. Окуу билгичтиги - башталгыч класста түптөлөт. Алгач баланы кунт коюп көңүлүн топтоого үйрөтүү зарыл. Башталгыч класстын мугалими көп убактысын жана күчүн сарптай турган жумуш ушул. Окуу материалын түшүнүү төмөндөгү иш-аракеттерди аткарууну талап кылат:
- анализдөө, синтездөө;
- негизгисин бөлүп көрсөтүү (окуучу окуган тексттен негизги ойду таба билүүгө, план түзүүгө үйрөнүшү керек);
- салыштыруу, окшоштуруу, конкреттештирүү;
- далилдөө, корутундулоо;
- жалпылоо, б.а. окшош белгилер боюнча бириктирүү.

Кенже мектеп окуучусунда жогоруда аталган сапаттарды калыптандыруу үчүн мугалимдер көп изденишет. Ар түрдүү көнүгүүлөрдү, тапшырмаларды пайдаланышат. Интерактивдүү ыкмаларды колдонушат.

Окутуунун максатын толук ишке ашыруу үчүн окуучулардын ар бири үчүн төмөндөгүдөй шарт түзүү талап кылынат;
- өз алдынча иштөө жана группада иштөө;
- билим алууда кыйынчылыктарды жеңип чыгуу жана өз жетишкендигине канааттануу;
- жетишкендиктердин ар дайым бааланып турушу, өзүн өзү баалоо, жолдоштору тарабынан бааланышы;.

Дүйнөлүк тажрыйбада 1- класста толугу менен ошондой эле 2-класстын биринчи жарым жылдыгына баа коюлбайт. Конкурс, мелдеш, оюндарды өткөрүүдө балдар өзүн өзү баалайт жана башкалардын арасынан өз ордун өзү түшүнөт. Башталгыч класста тестирлөө колдонулат. Мугалимдер өздөрү тест түзсө болот.

Окуучунун ден соолугу жана окуу жүктөмү. Башталгыч класста окутуу жана тарбиялоо баланын өнүгүшүнө жана ден соолугуна терс таасирин тийгизбеши зарыл. 6-7 жашка чыккан баланын нерв системасында олуттуу өзгөрүү болуп, кабыл алуу, көңүл буруу, ой жүгүртүү сыяктуу акыл иш аракеттери өрчүй тургандыгын изилдөөлөр көрсөткөн. Окуу жүктөмү санитардык-гигиеналык талапка жооп берүүгө тийиш. Биринчи класста күнүнө 3-4 гана сабак болот. 2-3-класстарда күнүнө 4-5 сабак өтүлөт, Үйгө берилүүчү тапшырманын көлөмү 1 сааттан ашпайт. Ал эми 4-класста күнүнө 5-6 сабак өтүлөт, үйгө тапшырма 1,5 саат убакытты ээлейт.
Кенже мектеп окуучусунун өнүгүшү татаал процесс. Балдар бул курагында абдан дилгир болушат. Интеллектуалдык, социалдык, адептик сапаттары күн санап ыкчам калыптанат да, көпчүлүк сапаттары өмүр бою калат. Ушу курагында окууга кызыктырууга мүмкүнчүлүк арбын. Ошондуктан ар бир күндү текке кетирбей, натыйжалуу тарбия ишине пайдалануу зарыл.

Кыргыз башталгыч мектептери негизинен мамлекеттик стандарт, программа, окуу китептер менен камсыз болгон. Кыргыз тили, математика, Мекен таануу боюнча көп жылдык изилдөөлөрдүн негизинде түзүлгөн окуу китептер жылдан- жылга оңдолуп жана толукталып басылып чыгууда.
2020-2021-окуу жылына карата башталгыч мектепке төмөндөгү окуу китептер сунуш этилет:
Алиппе - автору Б.Кубаталиева, А. Абыканова, М. Асаналиева
Кыгыз тили (2-кл) – автору А.Р. Акунов, Б.С. Чокошева
Кыргыз тили (3-кл.) - автору А.Р. Акунов, Б.С. Чокошева
Кыргыз тили (4-кл.) - автору А.Р. Акунов, Б.С. Чокошева
Математика (1-4-кл.) (авторлору - И. Б. Бекбоев, Н.И. Ибраева);
Мекен таануу (1-4-кл.) - автору З.Ж.Мамбетова;А.Э.Бухова
З.Абдураимова С.Байгазиевдин "Баланы мектепке даярдоо" программасы сунушталат.
2018-жылы кыргыз тили, адабий окуу, Мекен таануу жана математика боюнча окуу программасы жарык көргөн.
Башталгыч класстын окуу китептери 2015-жылдан тартып жылдан-жылга оңдолуп, толукталып, өркүндөтүлүүдө. Азыркы учурда Кыргыз билим берүү академиясынанБашталгыч билим берүү бөлүмүндө ар бир окуу предметине карата методикалык колдонмолорду жана сабактар учун кошумча дептерлерди колдонуп келебиз.

Аталган окуу китептер кенже мектеп окуучуларынын өз алдынча окуп үйрөнүү, таанып билүү жана окурмандык ишмердүүлүгүн калыптандырууну көздөйт. Аны ишке ашыруу мугалимдин колунда. Балдарды китепке кызыктыруу, текст менен иштөөгө үйрөтүү, тапшырмалардын маңызын түшүнүп иштөөгө үйрөтүү, социалдаштыруу, чечкиндүүлүккө, өз алдынчалыкка тарбиялоо, турмушка даярдоо мугалимдин негизги максаты болууга тийиш.

Кыргыз Республикасынын Элге Билим Берүү Министирлигинин жаш өспүрүмдөргө татыктуу билим жана тарбия берүүдөгү мыйзамынын так жана ийине келтире аткарууда башталгыч билим берүү башкача айтканда 1-4- класстарда билим берүү мугалимдин изденүүсүн чыгармачылыкта үзгүлтүксүз эмгектенүүнү талап кылат.

Андыктан окуучуларга башталгыч билим берүүнүн түйшүгү да көп. Мугалим ар тараптуу изденүү менен күнүмдүк сабактарын өтүүсү, интерактивдүү ыкмаларды ылайыгы менен колдонуусу сабактын эффективдүүлүгүн берүү менен сөзсүз окуучунун эсинде калат жанабилим сапат бир топ жогору болот.

Окуучуларды топторго бөлүп иштөөдө да көп окуучулар жалаң гана алга карай умтулууну максат кылып сабакка кызыгуу менен катышканын ар бир өтүлгөн сабактан байкоого болот.

Интерактивдүү усулдарды орду менен колдоно билүүнүн натыйжасында башталгыч класстын окуучуларынын билимге болгон умтулуусун гана камсыздабастан эң ишенимдүү, эрктүү, жоопкерчилиги жогору, бирин-бири сыйлай билген кадырлуу инсанга багыттап тарбиялоого да зор мүмкүнчүлүк, зор шартты түзө алат.

Окуучуларды топко бөлүп сабак өтүүдө окуучулардын билим деңгээлин ,бири-бирине болгон мамилесин сөзсүз эске алуу окуучулардын ийгиликтүү билим алышынын ар тараптуулугун түзөт жана камсыздайт.

Ылайым эле өлкөбүздө билимге болгон умтулуу жогору болуу менен ар бир окуучу билим кемесинин татыктуу бөлүгүнөн орун алып билимге болгон шык, кызыгуу ар тараптуу болуп билимдүү инсандарыбыз көбөйсүн. Себеби билимдүү инсан мектеп босогосунан гана билимдин барк баасын билүү менен билимдин даамын сезүүгө мүмкүнчүлүктөрү бар.

Биз дагы улуу кесиптин ээлери ар дайым изденүү жолу менен билимге карай баруучу жолдун айкындыгын өзүбүздүн түйшүктүү кесибибиздин үстүндө талыкпай эмгектене билүүгө агылалы.

Ар бир сабактын кызыктуу, окуучуга жеткиликтүү болуусу үчүн изденип эмгектенүүгө мүмкүнчүлүгүбүз болсун

https://www.instagram.com/p/CXyWYWiMQ-B/?utm_medium=copy_link

**Айбилим- мугалимдер учун мыкты колдонмо**

Башталгыч класстар мугалими Айбилим программасын өз сабагында колдонуп, окуучулардын билим деңгээлине салым кошуп келишет

Айбилим (Ibilim) мультимедиалык комплексинде башталгыч мектептин окуучулары үчүн төмөнкү сабактар боюнча электрондук ресурстар иштелип чыккан:

1. "Математика" 1-4-класс;
2. "Мекен таануу" 1-4-класс;
3. "Кыргыз тили" 2-4-класс;
4. "Орус тили" 1-4-класс;
5. "Музыка" 1-4-класс;
6. "Көркөм сүрөт өнөрү" 1-4-класс;
7. "Англис тили" 3-4-класс.

https://ibilim.kg/kyr/

**“Окуу керемет” долбоору**

Башталгыч кластар мугалимдери “Окуу керемет” долбоору боюнча окууда окуп,

“Окуу керемет” долбоору алкагында ачык сабактар өтүлүүдө:

https://www.instagram.com/p/CXyWYWiMQ-B/?utm_medium=copy_link

**Насаатчылык**

**Насаатчылык -** ишмердигин жаны баштаган же колдоого муктаж педагог усулдук ыкмаларды устат педагогдун жетекчилигинин алдында иш жузундо өздөштүрүү.

**Жаш адис** – Бул үч жылдан аз убакыт иштеген адис.

| № | Насаатчы | Жаш адис |
|---|---|---|
| 1 | Абдулканова Э. | Аьлыкеримова Г. |
| 2 | Мокеева Т. | Мокеева Т. |

## Таза жана сабаттуу жазуу

Ар бир окуучу жазуу тапшырмаларын катасыз жаркыратып жазса деген ой-тилек ар бир мугалимдин кыялында болсо керек.

Бүгүнкү күндө коомдун өзгөрүлүшү менен мурунку жана кийинки жылдары мектеп босогосун жаңыдан аттанган жаш муундардын ортосундагы айрымачылыктар барган сайын байкалат. Бул бир жагынан кубандырат. Ушуну менен катар эле ар бир баланын ой-кыял чабытына, дараметине терең байкоо жүргүзүп, ага аздек мамиле кылуунун өзү деле мугалимден чоң чыгармачылыкты талап кылат. Таза сабаттуу жазууну талап кылуу менен бирге ар кандай “Сулуу жазып суктандырам” аттуу сынактарды уюштуруп келебиз.

## Англис тили- башталгыч класстарда

Башталгыч класстарга англис тил сабагынан берген мугалимдери сабакка киргенде эле балдар менен ээн-эркин суйлөшкөнгө өтүшөт. Ырдачу жерден ырдатып, сабакты сүрөттөр менен, оюндарды ойнотуп, кыскасы окуучуларды оюн аркылуу жаттатууга, барлашууга үйрөтүшөт.